# Грамматический материал и тексты для седьмого задания. Медфак, уровень А1-А2

**Образец тестового задания:**

Сүйлөмдөгү сөздөрдүн туура орун тартибин аныктаңыз:

(?) 1991-жылы 31-августта өз алдынча
(?) эгемендүү мамлекет болуп
(?) Кыргызстан
(?) жарыяланды

Для правильного выполнения данного задания необходимо запомнить порядок слов в предложениях данного текста (то есть порядок следования главных и второстепенных членов предложения).

Все 10 вариантов задания разработаны на основе данного текста.

## КЫРГЫЗСТАН ТУУРАЛУУ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

| | |
|---|---|
| Кыргызстан 1991-жылы 31-августта өз алдынча эгемендүү мамлекет болуп жарыяланды. | Кыргызстан был объявлен независимым, суверенным государством 31 августа 1991 года. |
| Көз карандысыз Республиканын Конституциясы 1993-жылы 5-майда кабыл алынды. | Конституция независимой Республики была принята 5 мая 1993 года. |
| Кыргызстан негизинен Теңир-Тоонун аймагында жайгашкан. | Кыргызстан в основном располагается на территории Тянь-Шаня. |
| Жеринин бети бийик тоо кыркаларынан жана тоо аралык өрөөндөрдөн түзүлгөн. Кыргызстан Казакстан, Кытай, Тажикстан жана Өзбекстан менен чектешет. | Поверхность территории состоит из высоких горных цепей и межгорных долин. Кыргызстан граничит с Казахстаном, Китаем, Таджикистаном и Узбекистаном. |
| Аймагы батыштан чыгышка 900 *кмге*, түндүктөн түштүккө 415 *кмге* созулат. | Территория тянется с запада на восток на 900 км, с севера на юг на 415 км. |

| | |
|---|---|
| Кыргызстан - бийик тоолуу өлкө. | Кыргызстан – высокогорная страна. |
| Климаты - континенттик. | Климат – континентальный. |
| Дарыялары көбүнчө Сыр-Дарыянын системасына кирип, суу энергиясына бай жана сугатка кеңири пайдаланылат. | Реки, в основном, входят в систему Сыр-Дарьи, богаты кинетической энергией и широко используются для полива. |
| Көлү көп, эң чоңу — Ысык-Көл. | Много озёр, самое большое – Иссык-Куль. |
| Кыргызстандын аянты 198,5 миң *км* $^2$. | Площадь Кыргызстана -198,5 тысяч *км* $^2$ |
| Калкы 6 миллиондон ашык адам, анын ичинде түпкү калкы — кыргыздар 4 миллиондон ашык адам. | Население - свыше 6 миллионов, коренное население – кыргызы составляют более 4 миллионов человек. |
| Кыргызстан - көп улуттуу унитардык мамлекет. | Кыргызстан – многонациональное унитарное государство. |
| Администрациялык жактан аймагы Баткен, Жалал-Абад, Нарын, Ош, Талас, Чүй, Ысык-Көл облустарына бөлүнөт. | Территория административно делится на Баткенскую, Джалал-Абадскую, нарынскую, Ошскую, Таласскую, Чуйскую, Иссык-Кульскую области. |
| Жалпысынан республикада 40 айылдык администрациялык район, 22 шаар бар. | В целом, в республике 40 сельских административных районов, 22 города. |
| Республиканын борбору — Бишкек шаары. | Столица республики – город Бишкек. |
| Бишкек — Борбор Азиядагы ири шаарлардын бири жана Кыргызстандын эң чоң шаары. | Бишкек – один из крупнейших городов Средней Азии и самый крупный город Кыргызстана. |
| Калкы - 1 миллиондон ашык адам. | Население – свыше 1 миллиона человек. |
| Шаар 4 администрациялык-аймактык бирдикке (райондорго) бөлүнөт. | Город делится на 4 административные-территориальные единицы (района). |
| Бишкек 1825-ж. чеп катары негизделген. | Бишкек основан в 1825 году как крепость. |
| 1926-жылдан Фрунзе шаары аталып, 1991-ж. ага тарыхый өз аты кайтарылып берилген. | В 1926 году был назван городом Фрунзе, в 1991 году ему было возвращено его историческое название. |